
ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ФОНД
ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИ
при Министерстве науки, высшего образования
и инноваций Кыргызской Республики
ПРИГЛАШАЕТ
ПРИНЯТЬ УЧАСТИЕ!
В НАЦИОНАЛЬНОМ КОНКУРСЕ
ИННОВАЦИОННЫХ ПРОЕКТОВ И СТАРТАПОВ
KEL Start
ЗЕЛЕНЫЕ ТЕХНОЛОГИИ
ЦИФРОВОЙ АЙМАК
ПРОМЫШЛЕННЫЙ СТАРТ
ПРОДОВОЛЬСТВЕННЫЕ И СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫЕ ОТРАСЛИ
ПРИСОЕДИНЯЙСЯ К
KEL START!
ПРИЕМ ЗАЯВОК ДО
20 ОКТЯБРЯ 2026 ГОДА
Твой старт — к большим возможностям!
+996 505 167 497
a.aliku.ulu@ilim.gov.kg
fund.ilim.gov.kg

## «KEL Start» УЛУТТУК СЫНАГЫНА КАТЫШУУГА ЧАКЫРАБЫЗ

Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду инновациялык долбоорлор жана стартаптар боюнча «KEL Start» улуттук сынагын өткөрүү жөнүндө жарыялайт.

Сынак Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 11-сентябрындагы № 610 токтомуна ылайык өткөрүлөт. Аталган токтом менен инновациялык долбоорлор жана стартаптар боюнча «KEL Start» улуттук сынагын өткөрүү жөнүндө жобо бекитилген.

**Сынактын максаты**
Сынактын максаты — инновациялык ишмердүүлүктү стимулдаштыруу, стартап-экосистеманы өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү келечектүү долбоорлорду колдоо.

**Негизги багыттар**:

Сынак төрт багыт боюнча өткөрүлөт:
1. «Жашыл технологиялар» — экология жана энергетика чөйрөсүндөгү инновациялык долбоорлор.
2. «Санариптик аймак» — санариптик трансформацияга, IT-чечимдерди (маалыматтык технологияларды, маалыматтык системаларды, санариптик платформаларды, программалык камсыздоону жана электрондук кызмат көрсөтүүлөрдү) өнүктүрүүгө, ошондой эле аймактык деңгээлде процесстерди автоматташтырууга багытталган долбоорлор.
3. «Өнөр жай старт» — өндүрүш чөйрөсүндөгү инновациялык долбоорлор.
4. «Азык-түлүк жана айыл чарба тармактары» — агрардык сектордогу инновациялар жана биотехнологиялык долбоорлор.

**Кимдер катыша алат?**
Сынакка Жободо белгиленген талаптарга жооп берген инновациялык долбоорлорду жана/же стартаптарды сунуштаган жеке жана юридикалык жактар, ошондой эле юридикалык жактардын бирикмелери катыша алышат.

**Каржылык колдоо**
Жеңүүчүлөрдү каржылоо бөлүнгөн каражаттарды максаттуу жана натыйжалуу пайдалануу шарты менен кайтарымсыз жана акысыз негизде жүзөгө ашырылат:

2 000 000 сомго чейин — инновациялык долбоорлор үчүн;
1 000 000 сомго чейин — стартап-долбоорлор үчүн.
Жобо жана өтүнмөнүн формасы

Тандоону өткөрүү тартиби жөнүндө жобо жана өтүнмөнүн формасы төмөнкү шилтемеде жайгаштырылган:

Жобо жана өтүнмөнүн формасы
Өтүнмөлөрдү берүү
Өтүнмөлөр электрондук түрдө төмөнкү электрондук дарек аркылуу кабыл алынат: kelstart@ilim.gov.kg

**Кошумча маалымат**
Тандоого катышуу боюнча кошумча маалымат алуу жана консультация алуу үчүн төмөнкү байланыш телефондоруна кайрылсаңыздар болот:

Тел.: 0312 68 04 71
Моб.: +996 505 167-497
Расмий сайт: **fund.ilim.gov.kg**
Электрондук дарек: kelstart@ilim.gov.kg